Педагогикалык кеңешмеде
кабыл алынды
протокол №1 30.08.2021

"Бекитемин"
Мектеп директору:
Ф. Ж. Омуркулова

Жайыл районуна караштуу Жайыл негизги мектебинин

педагогикалык кеңеши жөнүндө

Жобо

1.**Педагогикалык кеңешме мектептин окуу тарбия ишинин маселелерин талкуулоо үчүн түзүлөт;**

1.1.Педагогикалык кеңешменин курамын окуу иштери менен алектенген мектептин мугалимдери , ата-энелер комитетинин өкүлдөрү тарабынан түзүлөт.

1.2.Мектептин ар бир мугалими жумушка алынган учурдан тартып мектеп кеңешмесинин мүчөсүнө кирет.

1.3.Педагогикалык кеңешменин максаттары:

1.4. Билим берүү бөлүмүндө педагогикалык жамааттын кызыкчылыктарын коргоо.

1.5Мектеп ичиндеги жумуштарды аткаруу үчүн педагогикалык жамаатты чогултуп бириктирүү.

2.**Педагогикалык кеңешменин милдеттери:**

2.1.Мектептин билим берүү концепциясын түзүүгө жана ишке ашырууга жалпы ыкмаларды тандайт.

2.2.Окуучуларга билим берүүнүн , тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн мазмунун, мектептеги билим берүү процессин уюштуруунун формаларын жана методдорун аныктайт.

2.3.Билим берүү ишиндеги алдыңкы тажрыйбаны жалпылайт жана жайылтат.

2.4.Окуу процессин өркүндөтүүгө байланыштуу педагогикалык маселелерди чечет жана анын жогорку сапатын камсыз кылат.

2.5.Мектептеги окуу процессин пландаштырууну , уюштурууну жана жөнгө салууну,анализдөөнү жана контролдоону жүзөгө ашырат;

2.6.Мектептин мугалимдер жамаатын жана анын жетекчилерин окутууну жана аттестациядан өтүүсүн уюштурат жана жүргүзөт.

2.7.Мектеп администрациясынын чечимдерин текшерет:

Сертификациялоо жөнүндө;
Мектептин жумуш убактысы жөнүндө;
Жергиликтүү актыларды даярдоо жөнүндө;
Окуучуларды которуу жана бүтүрүү жөнүндө:
Сыйлыктар жана жазалар жөнүндө;
Мектепти жаңы окуу жылына даярдоо жөнүндө

3 .**Педагогикалык кеңешменин структурасы;**

3.1.Окуу жылына карата мугалимдердин ичинен педагогикалык кеңешменин катчысы шайланат.

3.2.Педагогикалык кеңешменин ишинде төмөнкү формалар колдонулат;

Жалпы чогулуш

Тематикалык жана көйгөйлүү семинарлар

Лекциялар

Педагогикалык актуалдуу көйгөйлөрү боюнча талкуулар

Илимий практикалык конференциялар

3.3.Педагогикалык кеңешменин ишин төрага жетектейт.Төрага болуп, директор гана эмес , мугалим да шайланат.

3.4.Педагогикалык кеңешмесинин отурумунун убактысы, орду жана күн тартиби мектеп администрациясы менен макулдашылат.

3.5.Педагогикалык кеңешмеге жылына төрт жолу чогулат.

3.6.Мугалимдер кеңешинин ишин көзөмөлдөө мектеп директору жана райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

3.7.Педагогикалык кеңешменин иш планы окуу жылына карата ылайыкталып түзүлөт.

3.8.Чечимдерди кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн мугалимдер кеңешинде 5 адамдан турган комиссия шайланат.

4 **Педагогикалык кеңешменин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери:**

4.1.Бардык мүчөлөр чечүүчү добушка ээ, алардын ар бири өз демилгеси менен окутуу жана тарбиялоо ишин өркүндөтүүгө байланыштуу маселелерди педагогикалык кеңешке киргизүүгө укуктуу.

4.2.Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөсү мектептин окуу жана тарбия иштеринин абалын билип, анын жакынкы милдеттерин билип турушу абзел.

5 **Документтер:**

5.1.Педагогикалык кеңештин жыйналыштары жана чечимдери протоколго түшүрүлөт.

5.2.Мугалимдер кеңешинин отурумдарынын протоколдору жана чечимдери директордо сакталуусу керек.

5.3.Мугалимдер кеңешинин жыйналыштарынын протоколдору атайын китепке тыкан сакталат, номерленип , боолор менен бекитилип, мөөр басылышы абзел.